*Кыргыз Республикасы*
*Ысык-Көл облусу*
Жети-Өгүз району
Оргочор айыл аймагынын
айылдык Кеңеши

*Кыргызская Республика*
*Ысык-Кульская область*
Жети-Огузский район
Оргочорский аильный Кенеш
айылного аймака

**Эл депутаттарынын Оргочор айылдык Кеңешинин**
**XXVIII-чакырылышынын кезектеги 8-сессиясынын**

26 январь 2022- жыл

Оргочор айылы

# Т О К Т О М №23

"Оргочор айыл округундагы маданият үйүнүн кызматкерлеринин штаттык бирдиктерин бекитип берүү жөнүндө"

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 495 "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомунун негизинде т о к т о м к ы л а т:

1.Оргочор айылындагы айылдык маданият үйүнүн кызматкерлеринин 4 (төрт) жана Боз-Бешик айылдык маданият үйүнүн кызматкерлеринин 2(эки) штаттык бирдиктери 36 мин 337 сомдук айлык акысы менен 2022-жылдын 1-январынан баштап бекитилип берилсин.

2. .Оргочор айылындагы айылдык китепкана кызматкерлери 2(эки) жана Боз-Бешик айылындагы айылдык китепкана кызматкерлеринин 2 (эки) штаттык бирдиктери 29 мин 275 сомдук айлык акысы менен 2022-жылдын 1-январынан баштап бекитилип берилсин.

3.Жети-Өгүз райондук маданият үйүнүн жетекчисинен маданият жана китепкана кызматкерлеринин штаттык расписаниеси суралсын.

4.Айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ч.Казиевага сессиянын токтомунун негизинде жогоруда аталган кызматкерлерди 2022-жылы каржылоо жагы милдеттендирилсин.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы М.Сатыбалдиевке тапшырылсын.

Оргочор айылдык кенешинин төрагасы: Ж.Акматов